КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2019-жылдын 28-январы, № 29

**Сынам жыйымынын ставкаларын жана Сынам жыйымын төлөөнүн тартибин бекитүү жөнүндө**

Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 25-главасын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:
- Сынам жыйымынын ставкалары, 1-тиркемеге ылайык;
- Сынам жыйымын төлөөнүн тартиби, 2-тиркемеге ылайык.

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **М.Д.Абылгазиев**

ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 28 января 2019 года № 29

**Об утверждении ставок пробирного сбора и Порядка уплаты пробирного сбора**

В целях реализации главы 25 Кодекса Кыргызской Республики о неналоговых доходах, в соответствии со статьями 10 и 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Правительстве Кыргызской Республики» Правительство Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить:
- ставки пробирного сбора согласно приложению 1;
- Порядок уплаты пробирного сбора согласно приложению 2.

2. Настоящее постановление вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

**Премьер-министр** **М.Д.Абылгазиев**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппараты
Аппарат Правительства Кыргызской Республики
Регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү №1
Отдел регламента и делопроизводства

МИНИСТЕРСТВО ФИНАНСОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Входящий № 1723
« 29 » 01 2019 г.

1-тиркеме

**Сынам жыйымынын ставкалары**

| № | Жумуштун аталышы | Чен бирдиги | Ставкалардын өлчөмү (сом менен) |
|---|---|---|---|
| 1. | Баалуу металлдардан жасалган зергердик буюмдарга жана башка буюмдарга сынам белгисин жана эн тамгасын коюу | | |
| 1.1. | Ата мекендик товар өндүрүүчүлөрдөн түшүүчү зергердик буюмдар, анын ичинде оңдоодон (реставрациялоодон) кийин:<br>а) алтын, платина, палладий;<br>б) күмүш.<br>Саат корпустары:<br>а) алтын, платина, палладий;<br>б) күмүш | <br><br><br>1 даана<br>1 даана<br><br>1 даана<br>1 даана | <br><br><br>17<br>12<br><br>94<br>44 |
| 1.2. | Чет өлкөлүк өндүрүштөн чыккан, чет өлкөдөн сатып алынган, мурда колдонулган жана жеке адамдардан же юридикалык жактардан түшкөн зергердик буюмдар:<br>а) алтын, платина, палладий;<br>б) күмүш.<br>Саат корпустары:<br>а) алтын, платина, палладий;<br>б) күмүш | <br><br><br><br><br>1 даана<br>1 даана<br><br>1 даана<br>1 даана | <br><br><br><br><br>34<br>24<br><br>114<br>54 |
| 2. | Зергердик буюмдарда жана башка эритмелерде баалуу металлдардын камтылышын химиялык метод менен анализдөө | 1 анализ | 550 |

Приложение 1

**Ставки пробирного сбора**

| № п/п | Наименование работ | Единица измерения | Размер ставки (сом). |
|---|---|---|---|
| 1. | Опробование и клеймение ювелирных и других изделий из драгоценных металлов | | |
| 1.1. | Ювелирные изделия, поступающие от отечественных производителей, в том числе после ремонта (реставрации):<br>а) золотые, платиновые, палладиевые;<br>б) серебряные.<br>Часовые корпуса:<br>а) золотые, платиновые, палладиевые;<br>б) серебряные | <br><br><br>1 шт.<br>1 шт.<br><br>1 шт.<br>1 шт. | <br><br><br>17<br>12<br><br>94<br>44 |
| 1.2. | Ювелирные изделия иностранного производства, закупленные за рубежом, изделия бывшие в употреблении и поступающие от физических или юридических лиц:<br>а) золотые, платиновые, палладиевые;<br>б) серебряные.<br>Часовые корпуса:<br>а) золотые, платиновые, палладиевые;<br>б) серебряные | <br><br><br><br><br>1 шт.<br>1 шт.<br><br>1 шт.<br>1 шт. | <br><br><br><br><br>34<br>24<br><br>114<br>54 |
| 2. | Проведение анализа на содержание драгоценных металлов в ювелирных и других сплавах химическим методом | 1 анализ | 550 |

2-тиркеме

## Сынам жыйымын төлөөнүн тартиби

### 1. Жалпы жоболор

1. Зергердик буюмдарга сынам белгисин, эн тамгасын коюу жана анализдөө үчүн сынам жыйымы баалуу металлдарды, асыл таштарды жана алардан жасалган буюмдарды өндүрүү, пайдалануу, жүгүртүү, эсепке алуу жана сактоо чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруу, Кыргыз Республикасынын аймагында аталган баалуулуктар менен операцияларды жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (мындан ары - ыйгарым укуктуу орган) тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен сынам жыйымынын белгиленген ставкаларына ылайык алынат.

2. Сынам жыйымы республикалык бюджеттин кирешесине киргизилет.

3. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгисиз эритиндиден жасалган буюмдун курамын аныктоодо сынам жыйымы төмөнкүдөй алынат:

- сары түстүү буюмдар үчүн – алтын буюм катары;
- ак түстүү буюмдар үчүн – күмүш буюм катары;
- боз түстүү буюмдар үчүн – платина буюму катары.

4. Деталдары ар кандай куймалардан даярдалган алтын, күмүш, платина же палладий буюмдарына сынам белгисин жана эн тамгасын коюуда сынам жыйымы негизги сынамдык эн тамга салынуучу металл үчүн белгиленген ставканын эки эсе өлчөмүндө алынат.

5. Жеке адамдардан же юридикалык жактардан 10дон 50 граммга чейинки салмактагы буюмдар берилсе, сынам жыйымынын ставкасы эки эсе өлчөмүндө, салмагы 50 граммдан ашык болсо – 4 эсе өлчөмүндө көбөйтүлөт.

6. Жеке адамдарга же юридикалык жактарга сынам белгисин жана эн тамгасын коюунун тез мөөнөттө аткарылышы үчүн сынам жыйымынын ставкалары эки эсеге көбөйтүлөт.

7. Эгерде сынам белгисин, эн тамгасын коюу жана анализдөө үчүн берилген буюм белгиленген сынамга жетпегендигинен улам ага эн тамгасы коюлбаса, сынам жыйымы буюмдун ээсине кайтарылып берилбейт.

8. Сынам белгисин жана эн тамгасын коюу үчүн берилген баалуу металлдардан жасалган буюмдар 6 айдын аралыгында талап кылынбаса, анда мындай буюмдар Кыргыз Республикасынын баалуу металлдар жана асыл таштар жөнүндө мыйзамдарына ылайык Баалуулуктарды мамлекеттик сактоочу жайга өткөрүлүүгө тийиш.

Приложение 2

## Порядок уплаты пробирного сбора

### 1. Общие положения

1. Пробирный сбор за опробование, анализ и клеймение ювелирных изделий взимается уполномоченным органом по реализации государственной политики в сфере производства, использования, обращения, учета и хранения драгоценных металлов и драгоценных камней и изделий из них, выполнению операций с указанными ценностями на территории Кыргызской Республики (далее - уполномоченный орган) в соответствии с установленными ставками пробирного сбора, утверждаемыми Правительством Кыргызской Республики.

2. Пробирный сбор вносится в доход республиканского бюджета.

3. При определении уполномоченным органом состава изделий из неизвестного сплава пробирный сбор взимается:

- за изделия желтого цвета – как за золотые изделия;
- за изделия белого цвета – как за серебряные изделия;
- за изделия серого цвета – как за платиновые изделия.

4. При опробовании и клеймении изделий, детали которых изготовлены из различных сплавов золота, серебра, платины или палладия, пробирный сбор взимается в двойном размере ставки, установленной для того металла, по которому налагается основное пробирное клеймо.

5. При предъявлении физическими или юридическими лицами изделий весом от 10 до 50 грамм, ставки пробирного сбора увеличиваются в двойном размере, при весе более 50 грамм – в четырехкратном размере.

6. За срочность опробования и клеймения для физических или юридических лиц ставки пробирного сбора увеличиваются в двойном размере.

7. Если изделие, предъявленное для опробования, анализа и клеймения, не может быть заклеймено по причине невыхода в заявленную пробу, пробирный сбор владельцу изделия не возвращается.

8. В тех случаях, когда изделия из драгоценных металлов, сданные для опробования и клеймения невостребованы в течение 6 месяцев, то такие изделия подлежат сдаче в Государственное хранилище ценностей в соответствии с законодательством Кыргызской Республики о драгоценных металлах и драгоценных камнях.

### 2. Сроки уплаты пробирного сбора

9. Сроки уплаты пробирного сбора устанавливаются ответственным работником уполномоченного органа при приеме изделий на опробование

## 2. Сынам жыйымын төлөөнүн мөөнөттөрү

9. Сынам жыйымын төлөөнүн мөөнөттөрү буюмдарды сынам белгисин жана эн тамгасын коюуга кабыл алууда аткарылуучу жумуштун көлөмүн эске алуу менен сынам белгисин жана эн тамгасын коюуга берилген зергердик жана башка баалуу металлдардан жасалган буюмдардын санына жараша ыйгарым укуктуу органдын жооптуу кызматкери тарабынан бирден бешке чейинки жумуш күнгө белгиленет:

1) 1ден 1000 буюмга чейин төлөө мөөнөтү – бир күн;
2) 1001ден 2000 буюмга чейин төлөө мөөнөтү – эки күн;
3) 2001ден 3000 буюмга чейин төлөө мөөнөтү – үч күн;
4) 3001ден 4000 буюмга чейин төлөө мөөнөтү – төрт күн;
5) 4001ден 5000 буюмга чейин төлөө мөөнөтү – беш күн.

---

и клеймение, в зависимости от количества сданных на опробование и клеймение ювелирных и других изделий из драгоценных металлов, с учетом объема выполняемых работ в течение от одного до пяти рабочих дней:

1) от 1 до 1000 изделий срок уплаты – один день;
2) от 1001 до 2000 изделий срок уплаты – два дня;
3) от 2001 до 3000 изделий срок уплаты – три дня;
4) от 3001 до 4000 изделий срок уплаты – четыре дня;
5) от 4001 до 5000 изделий срок уплаты – пять дней.

---